«Чабыт» усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылындагы

Анализи.

Бирикменин жалпы мүчөсү:Кармышбекова Айгүл,Шаршеев Акбай,Бапанова К.

Бирикмеге катышканы:3

Усулдук биркменин башталышы:20-январь

Каралуучу маселелер:1)Усулдук бирикменин мүчөлөрү менен ангемелешүү,декаданын өткөрүлүшү

2) Декаданын иш планы түзүлүп,жүрүшү тактага жарыяланып,илинди.

3)20-январда усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн катышуусунда декаданан ачылышы линейкада жарыяланды

4)31-январь күнү бирикменин мүчөсү,мектептин уюштуруучусу Кармышбекова А «Мүнөзүнө жараша тагдыр» аталышында ата-энелерге тренинг өттү. Тренингге 8-класстын ата-энелери жакшы катышып беришти.Ушул эле күнү өрөөндүк семинар болгондуктан,семинарга келген эжей-агайлар да кирип эн жакшы деген деген ойлорун айтышты.8-март өрөөнүнөн келген мугалимдер өзүлөрүнө керектүү материалдарды А.Кармышбековадан алып кетишти.31-январда бирикменин жетекчиси К Бапанова да 9-класска «Ош облусу» темасында ачык сабак өттү. Ачык сабакка 7 мугалим келип катышты.Сабак максатына жетти.Катышкан мугалимдер жакшы деген баа беришти.Мугалимге сунуштар айтылды.Шаршеев Акбай 18-февралда8-класстын окуучулары менен биргеликте Кыргызстандын тарыхынан 19-кылымдын 60-жылдарындагы «Түштүк кыргыздардын коомдук саясий абалы» деген темада ачык сабак өттү.Сабакка: Кармышбекова Айгүл,Сулайманова Канышай,Нааматова Атыркүл,Жылтырова Кыял эжейлер катышышты.сабак көрсөтмөлүү,кызыктуу болду. Агайдын окуучулар менен иштөөсү жакшы.Сабактын өзгөчөлүгү болуп сабактын аягында мини тест мене алганы болду.Мугалимдин өз алдынча изденүүсү жакшы. 19-февраль күнү 6-7-8-класстардын катышуусунда «Акыл ордо»интеллектуалдык таймаш отту.Таймашка окуучулар жогорку денгээлде катышып,8-класстын окуучусу Сүйүнбек кызы Алтынай женүүчү деп табылды.1-2-3-орун алган окуучуларга кызыктыруучу белектер берилди.Декада мыкты иштерди жазагандыгы үчүн Бектурганова Акылай менен Кубандыкова Адина белектер менен сыйланышты. «Клеткалар өлкөсүнө саякат» темасында Кармышбекова кружоктун ишин көрсөттү.Жыйынтыгында окуучуларга кеп-кенештер айтылды,кемчиликтер болду.20-февраль күнү декаданын жабылышында линейка өткөзүлүп,жыйынтыкталды.

Чабыт усулдук бирикме жетекчиси__________Бапанова К